**ОшМУнун медициналык колледжинин жалпы медициналык дисциплиналар предметтик циклдык комиссиясынын 2025-2026-окуу жылынын 23-январдагы кезектеги кеңешмесинин №7 жыйынынын протоколунан**

**КӨЧҮРМӨ**

28.01.2026-ж.

Жыйындын төрагасы: Орозалиев Н.Б.
Катчы: Айыпова Ч. Ж.
Катышты: 20

**Күн тартибиндеги каралуучу маселелер:**

1. **ОшМУнун медициналык колледжинин бүтүрүүчүлөрүнүн сунуш пикирлерин карап чыгуу.**

**Угулду:** Жалпы медициналык дисциплиналар предметтик циклдык комиссиясынын башчысы Орозалиев Нургазы Бөрүбаевич өз сөзүндө - саламатсыздарбы бүгүнкү иш чарабызга кош келипсиздер! – деп баштап, ОшМУнун медициналык колледжинин бүтүрүүчүлөрү менен таанышты, биздин окуу жайдын жетишкендиктери менен тааныштырып, жолугушуунун негизги максатын айтып өттү.

**Сөзгө чыкты:** Жалпы медициналык дисциплиналар предметтик циклдык комиссиясынын окутуучусу - Эргешова Мира Айтмараковна өз сөзүндө, анкета менен таанышып, талкуулап, сунуш пикирлерди берүү керектигин билдирди.

**Сөзгө чыкты:** Ак тиш жеке клиникасынын дарыгери – Убайдуллаев Аскат өз сөзүндө, адистикке керектүү негизги предметтердин сааттарын көбөйтүү жагын карасаңыздар.

**Сөзгө чыкты:** Насырова Аида, №3 үй-бүлөлүк дарыгерлер бөлүмүнүн мед айымы – өз сөзүндө студенттер сабактардан кийин ишке орношуп иштегенге шарт түзүү жана кесиптик предметтердин сааттарын көбөйтүү зарылдыгын о.э кесиптик ишмердүүлүктү укуктук камсыздоо сабагы азыркы заманда өтө зарыл болуп жаткандыгын белгиледи.

**Сөзгө чыкты**: 2010-жылкы бүтүрүүчү, Ош областтар аралык бириккен клиникасынын төрөт станциясынын башкы мед айымы, акушеркасы Суранбай кызы Мээрим өз сөзүндө, ар бир кесиптин заман талабына ылайык кызматтык милдеттерин үйрөтүүнү жана инфекциялык көзөмөл сабагынын сааттарын көбөйтүү керектигин белгиледи.

**Сөзгө чыкты**: Лаборатордук дартты аныктоо адистигинин бүтүрүүчүсү, ЮРФА лабораториясынын лаборанты, Тыныбеков Мирлан – өз сөзүндө фармация жана лаборатордук дартты аныктоо адистигине сестралык иштин негиздери сабагын киргизүү зарылдыгын о.э. неврологиядагы медициналык реабилитация сабагын бардык адистиктерге окутууну сунуштады.

**Сөзгө чыкты:** 2009-жылкы бүтүрүүчү, Ош областтар аралык бириккен клиникасынын төрөт станциясынын акушеркасы Шерова Аида Абдурашитовна өз сөзүндө, Кесиптик ишмердүүлүктү укуктук камсыздоо сабактарынын кредитин көбөйтүп, жаңы чыккан жаңы мыйзамдарды кошуп, окуу пландарын кайра карап, талкууласаңыздар деп айтып өттү.

Scanned with AltaScanner

Себеби жаңы бүтүп барган бүтүрүүчүлөр өз укуктарын билбей, врачтар тарабынан басмырланышат деп айтып өттү.

**Сөзгө чыкты:** Жалпы медициналык дисциплиналар предметтик циклдык комиссиясынын окутуучусу Н. Конобаев өз сөзүндө, сунуш пикирлериңиздер үчүн ырахмат, сунуштарыңыздарды мындан аркы иш-аракеттерибизде сөзсүз эске алабыз.

Жогорудагы сунуш-пикирлерди, талкууну эске алуу менен жалпы медициналык дисциплиналар ПЦКсынын мүчөлөрү төмөндөгүдөй

**ТОКТОМ**

**кабыл алды:**

1. ОшМУнун медициналык колледжинин бүтүрүүчүлөрүнүн сунуш пикирлерине ылайык *кесиптик ишмердүүлүктү укуктук камсыздоо* предметинин саатын көбөйтүү менен бардык адистиктерге окутуу жагы каралсын.

2. Фармация жана лабораторук дартты аныктоо адистиктерине *медициналык айым ишинин негиздери* предметин окутуу суралсын.

3. Бардык адистиктерге *неврологиядагы медициналык реабилитация* предметин киргизүү сунушталсын.

4.Жогорудагы сунуш пикирлерди эске алуу менен бардык адистиктердин бүтүрүүчү курсттарынын студенттерин өндүрүш менен байланышын жогорулатуу максатында дуалдык окутууга өткөрүү боюнча жумуштар алып барылсын.

**Жогорудагы маселелерди чечүү жагы ар бир адистиктин НКББП башчыларына милдеттендирилсин.**

Жыйындын төрагасы: Н.Орозалиев

Катчы: Ч.Айыпова.

Scanned with AltaScanner